**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**

**Педагогика факультети**

**БЕКИТЕМИН**
**С.Нааматов атындагы НМУнун**
**ректорунун м.а. б.и.к.**

**____________________ К.О.Омурова**
**«____» ___________ 20__ -ж.**

Каттоо №_____________________

# НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

**Даярдоонун багыты: 550700 – Педагогика**

**Даярдоонун профили: башталгыч билим берүү, мектепке чейинки билим берүү**

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: бакалавр**

**Нарын – 2025**

1. Негизги билим берүү программасы (НББП) КР ББжИМнин 2021-жылдын 21-сентябрындагы №1578/1 буйругу менен бекитилген 550700 Педагогика даярдоо багыты боюнча ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык түзүлгөн.

**Иштеп чыккандар:**
п.и.к., доцент ___________________________________ Бектурова Э.О

(колу)
п.и.к., доценттин м.а. ______________________________Асанкулова М.К

кафедранын методисти _____________________________Сейдакматова Г.К.

(колу)
2. Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын отурумунда 20___-жылдын «___» ______________ №____ протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛДЫ**.

3. 550700 – Педагогика даярдоо багыты боюнча НББП негизги жумуш берүүчүлөр менен **МАКУЛДАШЫЛДЫ**.

________________________. ________________ ___________________________
(кызматы) (колу) аты-жөнү
М.О.

4. Педагогика факультетинин кеңешинин отурумунда 20___-жылдын «___» ______________ №____ протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛДЫ**.

Факультеттин деканы:
тарых илимдеринин кандидаты,
профессордун милдетин аткаруучу ________________ Эсеналиева Г.О
(колу)

5. Негизги билим берүү программасы (НББП) 550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү профилинин ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык келет.

НМУнун окуу башкармалыгынын башчысы: ___________________Усубалиева Ж.Ж
(колу)

6. Документ НМУнун ОУКнин отурумунда 20___-жылдын «___» ______________ №____ протоколу менен **ЖАКТЫРЫЛДЫ**.

ОУКнын төрайымы, НМУнун академиялык иштер боюнча
Проректору, б.и.к., доценттин м.а.________________Омурова К.О
(колу)

**МАЗМУНУ**

**1. Жалпы жоболор** ……………………………..................................…..........................…...5
1.1. С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүпрофили боюнча ишке ашыруучу негизги билим берүү программасы...........................................................................................................................5
1.2. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүпрофили боюнчаНББПсын иштеп чыгуу үчүн зарыл болгон ЖКББ даярдоо багыты боюнча МББС жана башка ченемдик документтер .........................................................................................................5
1.3. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүпрофили боюнчаНББПнын жалпы мүнөздөмөсү (миссиясы, максаттары, милдеттери, өздөштүрүү мөөнөтү, эмгек көлөмү) .....................................................................................................................6
1.4. Абитуриентке коюлуучу талаптар ………...........................…….....................……....6
**2. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүпрофили боюнчаНББПсын бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү ..............................................................................................................................................6**
2.1. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүк аймагы..........................…………………...6
2.2. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери ..................................................7
2.3. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү ........................................................7
2.4. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери ...................................................7
2.5. Электрондук окутууну, аралыктан (дистанттык) билим берүү технологияларын жана окутуунун түйүндүк формасын колдонуу ........................................................................................8
2.6. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүпрофили боюнча НББП боюнча билим берүү ишмердүүлүгү жүзөгө ашырылуучу тил ..............................................................................................................................................8
**3. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүпрофили боюнчаНББПнын түзүмү ...........................................................................................................8**
**4. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүпрофили боюнча НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу бакалавриаттын НББПнын бүтүрүүчүсүнүн компетенциялары..........................................................................................................8**
4.1. Бүтүрүүчүлөр ээ боло турган компетенциялардын мүнөздөмөлөрү ..................................8
4.2. Талап кылынган компетенциялардын жана аларды түзүүчү курамдык бөлүктөрдүн НББПна ылайык келүү матрицасы ....................................................................................9
**5. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүпрофили боюнчаНББПсын ишке ашырууда билим берүү процессинин мазмунун жана аны уюштурууну жөндөөчү документтер ………...............................................................................9**
5.1. Жылдык календарлык окуу графиги …….................................……………………...9
5.2. Бакалаврды даярдоонун окуу планы ……...............................…………………..….9
5.3. Окуу дисциплиналарынын (модулдарынын) жумушчу программаларынын аннотациялары..................................................................................................................10
5.4. Окуу жана өндүрүштүк практикалардын программалары ……..................………….....10
5.4.1. Практикалардын программалары ………...............................…………………….…10
5.4.2. Илимий-изилдөөчүлүк иштин программасы ………...................................………....10
**6. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүпрофили боюнчаНББПнын фактылык ресурстук камсыздоосу ….......................................................................................................................……..11**

6.1.Кадрлык камсыздоо ………...........................……………………………………….……....11
6.2. Окуу-усулдук, маалыматтык камсыздоо ……..........................…………………………11
6.3. Материалдык-техникалык камсыздоо ……………….........................…………………12
**7. ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрдүн жалпы маданий жана социалдык-инсандык компетенцияларын калыптандыруучу чөйрөсүнүн мүнөздөмөсү ……………………........12**
**8. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүдаярдоо профили боюнча бакалавриаттын НББПсын студенттердин өздөштүрүү сапатын баалоо тутумун ченемдик-усулдук камсыздоо …………………………………………………………….................……………...13**
8.1. Жетишүүнү күндөлүк текшерүү жана арадагы аттестация өткөрүү үчүн баалоочу каражаттардын себили.........................................................................................................13
8.2. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүдаярдоо профили боюнчабакалавриаттын НББПсын бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы …............................................................................................................13
**9. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүдаярдоо профили боюнча студенттерди даярдоонун сапатын камсыздоочу башка ченемдик-усулдук документтер жана материалдар ……..............………..……...............................14**
**10. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүдаярдоо профили боюнча жалпы ЖКББ НББПсын жана аны түзүүчү документтерди мезгили менен жаңылоону уюштуруу боюнча регламент ………...................………...................…14**
**11. 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүпрофили боюнчаЖКББнүн НББПсын иштеп чыгуучулардын жана эксперттердин тизмеси ……..................................................................…….………...........................................…15**
**Тиркемелер ………….........................................................................……………………15**
**1-тиркеме ……………………......................................................……………………….....16**
**2-тиркеме ………………………………….........................................................……….....16**
**Өзгөртүүлөрдү каттоо барагы …...…………………………………………..…………......16**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1. 550700 « Педагогика» даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программасы (мындан ары - НББП)**

КР ББжИМнин 2021-жылдын 21-сентябрындагы №1578/1 Буйругу менен бекитилген 550700 – Педагогика даярдоо багыты боюнча ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык иштелип чыккан. НББП аталган университетте эмгек базарынын жана иш берүүчүлөрүнүн талаптарын эске алуу менен иштелип чыгып, бекитилген документтер тутумун түзөт. НББП даярдоонун берилген багытынын профили боюнча билим берүүнүн максаттарын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун, шарттарын жана билим берүү процессин ишке ашыруу, бүтүрүүчүнү даярдоонун сапатын баалоо технологияларын жөнгө салат да, базалык окуу планын, дисциплиналардын (модулдардын) жумушчу программаларын жана башка студенттерди даярдоонун сапатын камсыздоочу материалдарды, ошондой эле окуу жана өндүрүштүк практикалардын программаларын, каледарлык окуу графигин жана тиешелүү билим берүү технологияларын ишке ашырууну камсыздоочу усулдук материалдарды камтыйт.

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин педагогика факультетине караштуу педагогика жана окутуунун технологиялары кафедрасы 550700 – Педагогика багытынын башталгыч билим берүү, мектепке чейинки билим берүү профилдери боюнча НББПсын КР ББжИМнин 2021-жылдын 21-сентябрындагы №1578/1 Буйругу менен бекитилген 550700 – Педагогика багыты боюнча ЖКББ МББСнын негизинде аймактык эмгек базарынын, иш берүүчүлөрдүн талаптарын эске алуу менен өз алдынча иштеп чыкты.

Университет НББПсын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алып, ЖОЖдогу билим берүүнүн сапаты кепилдигин камсыздоо боюнча сунуштарды эске алып, жыл сайын жаңылоого милдеттүү.

Билим берүүнүн сапаты кепилдигин камсыздоо төмөнкүлөрү камтыйт:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо боюнча стратегияны иштеп чыгууда;
- билим берүү программаларына байкоо жүргүзүүдө, мезгили менен кайра карап чыгууда;
- студенттер менен бүтүрүүчүлөрдүн билимдеринин, билгичтиктеринин жана компетенцияларынын деңгээлин так макулдашылган чен-өлчөмдөрдүн негизинде баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгууда;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоодо;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыздоодо, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөдө, анын ичинде – студенттерди сурамжылоо жолу менен;
- өз ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган чен-өлчөмдөр боюнча өзүн үзгүлтүксүз изилдеп турууда;
- өз ишмердүүлүгүнүн натыйжалары, мерчемдери, инновациялары тууралуу коомчулукка маалымдап турууда.

**1.2. 550700 – Педагогика багыты боюнча НББПсын иштеп чыгуу үчүн зарыл болгон ЖКББ даярдоо багыты боюнча МББС жана башка ченемдик документтер**

Бакалавриаттын 550700 – Педагогика багытынын педагогика жана башталгыч билим берүүпрофилинин НББПсын иштеп чыгуунун ченемдик-укуктук негизин төмөнкүлөр түзүшөт:

1. **ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ Об образовании** от 11 августа 2023 года № 179 *(В редакции Законов КР от 30 декабря 2024 года № 208, 30 января 2025 года № 32, 18 апреля 2025 года № 78, 14 октября 2025 года № 210, 28 октября 2025 года № 241, 23 января 2026 года № 6 )*

2. **ПОЛОЖЕНИЕ об организации учебного процесса в образовательных организациях высшего профессионального образования с применением академических кредитов** Приложение 1*(к постановлению Кабинета Министров Кыргызской Республики от 27 сентября 2024 года № 590)*
3. **Нормативные правовые акты,** регулирующие деятельность образовательных организаций высшего и среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденные Постановлением Правительства КР от 29 мая 2012 года №346.
4. **Устав Нарынского государственного университета им. С. Нааматова** (принят Ученым советом НГУ 13.05.2025 протокол №496/1.
5. **ИСО 9000:2008** Системы менеджмента качества. Основные положения и словарь.
6. **ИСО 9001:2008** Системы менеджмента качества. Требования.
7. **Приказ Министерства образования и науки Кыргызской Республики** «Об утверждении государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования» от 30 июля 2021г № 1357/1
8. **Государственные образовательные** стандарты высшего профессионального образования, утвержденные приказом МОН КР №1578/1 от 21.09.2021 г.
9. **Положение об основной образовательной программе** ВПО, утвержденное приказом ректора НГУ от 26.11.2025 г.
10. Рабочий учебный план 550700 Педагогика на 2022-2023 учебный год.
11. СМК ПО 4.08-2024 Система менеджмента качества. Общеуниверситетское положение о контроле качества образовательного процесса по учебной дисциплине
12. СМК ПО 4.13 – 2020 Система менеджмента качества. Общеуниверситетское положение об оценке уровня эффективности деятельности ППС, кафедр, факультетов НГУ
13. СМС ПО 4.01-2022 Модульно-рейтинговая системе обучения и оценки знаний студентов.
14. Положение об организации учебного процесса на основе кредитной технологии ECTS
15. Положение о внеаудиторной самостоятельной работе студентов
16. СМК ПО 2.13 – 2024 Общеуниверситетское положение о практике студентов
17. СМК РК 1.03-2025 Руководство по качеству НГУ.
18. СМК СТУ 3.08-2025 Стандарт организации «Управление записями».
19. Положение об итоговой государственной аттестации выпускников высших учебных заведений КР (утв. постановлением Правительства КР от 29.05.2012 г. №346).
20. Стратегический план развития НГУ им. С. Нааматова на 2025-2030 годы
21. Договора с работодателями.

**МББС**- Мамлекеттик билим берүү стандарты;

**ЖКББ –** жогорку кесиптик билим берүү;

**НББП –** негизги билим берүү программасы;

**ОМБ –** окуу-методикалык бирикме;

**НББП ДЦ -** негизги билим берүү программасынын дисциплиналар цикли;

**ЖИК** - жалпы илимий компетенциялар;

**ИК -** инструменталдык компетенциялар;

**КК** - кесиптик компетенциялар;

**ИСК -** инсандык-социалдык жана жалпы маданий компетенциялар;

**1.3. 550700 – Педагогика багытынын  башталгыч билим берүү профили боюнча НББПнын жалпы мүнөздөмөсү (миссиясы, максаттары, милдеттери, өздөштүрүү мөөнөтү, эмгек көлөмү)**

**Бакалавриаттын 550700 – Педагогика багытынын  башталгыч билим берүү  профили боюнча НББПнын миссиясы**:

● Педагогиканын ар кандай тармактарында терең билими бар, эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү, компетенттүү, жоопкерчиликтүү, өз кесибин эркин өздөштүргөн, кесиптик жактан өсүүгө, социалдык мобилдүүлүккө жана окутууга жөндөмдүү квалификациялуу адисти даярдоо.

**Бакалавриаттын 550700 – Педагогика багыты боюнча НББПнын максаты.** 550700 "Педагогика" багыты боюнча негизги билим берүү программасынын максаттары НМУнун өнүгүүсүнүн стратегиялык максаты (концепциясы) жана МББӨЖ талаптары, эмгек рыногунун муктаждыктары, Университеттин илимий базасын өнүктүрүү жана чыңдоо, "Педагогика" багыты боюнча негизги билим берүү программасынын өзгөчөлүгү студенттин педагогикалык билимдин конкреттүү тармагын изилдөөгө мүмкүндүк берген профилди тандоо мүмкүнчүлүгү болуп саналат, бул бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик билимине болгон жумуш берүүчүлөрдүн талабына байланыштуу кесиптик ишмердүүлүктү ийгиликтүү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон компетенциялардын көлөмүн кеңейтет.

**1.3.2.  550700 Педагогика багыты боюнча НББПнын максаты:**

1. Студенттердин билим берүү жана тарбиялоо чөйрөсүндө иштеген педагогго таандык болгон инсандык сапаттарын өнүктүрүү. Билим берүү жана тарбиялоо чөйрөлөрүндө кесипкөй жана атаандаштыкка жөндөмдүү педагогдорду даярдоо.

2. Өлкөнүн заманбап жогорку квалификациялуу педагогдорго болгон муктаждыктарын канааттандыруу.

**550700 – Педагогика багыты боюнча ЖКББнүн НББПнын тарбиялоо аймагындагы максаты** – студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын: максатка умтулгандыкты, уюшкандыкты, жоопкерчиликти, коммуникативдүүлүктү, толеранттуулукту өнүктүрүү жана жалпы маданиятын өз кесибинде ишке ашырууга, өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуусун жогорулатуу болуп саналат.

**1.3.3. 550700 – Педагогика багыты боюнча** бакалаврларды даярдоонун ЖКББнүн НББПсын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү жалпы орто же орто кесиптик билим берүүнүн базасында күндүзгү окутуу формасында 4 жылды түзөт.

Күндүзгү (кечки) окутуу формасында, ошондой эле окутуунун ар кыл формаларын айкалыштырган жана аралыктан (дистанттык) билим берүү технологияларын колдонгон учурда бакалаврларды даярдоонун ЖКББнүн НББПсын өздөштүрүү мөөнөттөрү ЖОЖ тарабынан күндүзгү окутуу формасында аныкталган ченемдик мөөнөткө салыштырмалуу бир жылга узартылат.

Бакалаврларды даярдоонун ЖКББнүн НББПсын өздөштүрүүнүн башка мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

**550700 – Педагогика багыты боюнча** бакалаврларды даярдоонун ЖКББнүн НББПсын өздөштүрүүнүн жалпы эмгек көлөмү 240 кредитке (зачеттук бирдикке) барабар.

ЖКББнүн НББПнын күндүзгү окутуу формасы боюнча эмгек көлөмү окуу жылы үчүн 60 кредитке (зачеттук бирдикке) барабар.

Бир окуу семестринин эмгек көлөмү 30 кредитке барабар (окуу процессин эки семестрлик кылып курганда).

Бир кредит студенттин 30 саат окуу ишине (анын аудиториялык, өз алдынча иштерин жана аттестациянын бардык түрлөрүн кошо) барабар, академиялык саат 50 мүнөткө барабар.

ЖКББнүн НББПнын эмгек көлөмү окутуунун ар кыл формаларын айкалыштырганда жана аралыктан (дистанттык) билим берүү технологияларын колдонгондо окуу жылы үчүн 48 кредиттен кем эмести түзөт.

**1.4. Абитуриентке коюлуучу талаптар**

**1.4.1. 550700 – Педагогика багыты боюнча** “бакалавр” академиялык даражасын ыйгаруу менен жогорку кесиптик билим алууга талаптанган абитуриенттин билим деңгээли – жалпы орто билим же орто кесиптик (же жогорку кесиптик) билим.
Абитуриент жалпы орто билими же орто кесиптик (же жогорку кесиптик) билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документке (аттестатка) ээ болууга тийиш. Мындан тышкары абитуриент Жалпы республикалык тестирлөөгө катышканын жана ЖОЖго тапшырууга укук берүүчү тийиштүү упайга (негизги тест боюнча – 130 упай, кошумча тест (тарых) боюнча – 60 упай) ээ болгонун күбөлөндүрүүчү сертификатка ээ болушу кажет.

**1.4.2.** НМУнун бакалавр программасына кабыл алуу эрежелери Окумуштуулар кеңеши тарабынан "Бакалаврдык программа жөнүндө жобонун" жана "НМУга кабыл алуу эрежелеринин" негизинде жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жылдын 26-июнундагы №597 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүү окуу жайы (ЖОЖ) жөнүндө типтүү жобого ылайык бекитилет

## 2. 550700 – ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫ БОЮНЧА НББПСЫН БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

### 2.1. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүк аймагы

**550700 – Педагогика багыты боюнча** бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүк аймагы билим берүү, социалдык жана илимий чөйрөлөрдү камтыйт.

**Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү** кесиптик ишмердик чөйрөсүнө төмөнкүлөр кирет:

• республиканын жалпы орто билим берүү мекемелери (мектептер, гимназиялар, лицейлер), башталгыч жана орто кесиптик билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү;

• коомдук уюмдар;ж.б.

### 2.2. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү

Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

- педагогикалык;
- уюштуруучулук-башкаруучулук
- кесиптик өнүгүү

НББПсына кирүүчү дисциплиналардын (модулдардын) мазмунун талкуулоону кафедра жумуш берүүчүлөр, студенттер ж.б. бардык кызыктар тараптардын катышуусу менен өткөрөт. Кызыктар тараптардын сунуш-пикирлерине жараша НББП эки, үч жылда бир жолу өзгөртүлүп, анын мазмунуна толуктоолор, кошумчалар киргизилип турат. ББП кошумча компетенциялар иштелип чыкты.

### 2.3. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери

**550700– Педагогика багыты боюнча**бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери: окуу-педагогикалык, маданий-агартуучулук, илимий-усулдук, изилдөөчүлүк.
**Педагогикалык ишмердүүлүк аймагында:**

- Курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдер тутумдарын колдонуу, ар кыл көз караштарды, маданий ар түрдүүлүктү кабыл алуу, туруктуу өнүктүрүү концепциясын билүү жана түшүнүү;

- Билим берүү процессин Студенттердин жаш өзгөчөлүктөрүнө керектөөлөрүнө, жетишүүлөрүнө ылайык, заманбап, илимий негизделген окутуу технологиялары боюнча мерчемдөө жана ишке ашыруу;

- Студенттердин жетишкендиктерин баалоонун ар кыл шаймандары менен чен-өлчөмдөрүн (рефераттык билдирүүлөрдү, баяндамаларды, тезистерди, эссени, портфолиону, кейс-стадини ж.б.у.с.) колдонуу;

- Кырдаалдык шартталган көйгөйлөрдү чечүү үчүн (жетекчилик астында) колдонмо илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу;

- Билим берүү программасын өз алдынча тандоо, ага карата дидактикалык материалды ылгоо жана иштеп чыгуу, аны окуу процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде колдонуу;

- Студенттерде демократиялык коомдо жашоо үчүн зарыл баалуулуктук багыт алууларды: жарандык жана мекенчилдик ынанымдарды, толеранттуулукту, маданий көп түрдүүлүктү, социалдык укуктарды, инклюзияны кабыл алууну калыптандыруу;

- Студенттердин ишмердүүлүгүн мерчемдөө, ага байкоо жүргүзүү жана баалоо;

- Көп маданияттуу чөйрөдөгү ишмердүүлүк жана көп маданияттуу окутуу менен тарбиялоо принциптерин ишке ашыруу;

- Студенттердин социалдашуусу жана кесиптик өзүн аныктоосу үчүн шарттарды түзүү, аларды кесипти аң-сезимдүү тандоого даярдоо;

- Окутуу үчүн коопсуз (психологиялык, социалдык жана физикалык) билим берүү чөйрөсүн түзүү, түрдүү курактагы Студенттерда сергек жашоо мүнөзү, жаратылышты коргоо, жаратылышты сарамжалдуу колдонуу жана климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу көндүмдөрүн калыптандыруу;

- Предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын программанын темалары менен бөлүмдөрүнүн спецификасын эске алып жана окуу планына ылайык мерчемдөө;

- Студенттерде рефлексияга, өзүн баалоого жана өзүн өнүктүрүүгө жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу.

- Студенттерге улуттук баалуулуктарды калыптандыруу: Ата-бабалардан калган мурастарды урматтоо – тарыхый салттарды, элдик педагогиканын тажрыйбасын окутуу процессинде колдонуу. Эне тилди сактоо жана өнүктүрүү**.** Башталгыч билим берүүдө кыргыз тилинин ролун бекемдөө.

-

**Уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүк аймагында:**

- Кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууда ченемдик-укуктук билимдерди колдонуу жана этикалык принциптерди кармануу;

- Кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууда туруктуу өнүктүрүү принциптерин эске алуу жөндөмдүүлүгү, билим берүү процессинде Студенттердин саламаттыгы менен өмүрүнүн коопсуздугун сактоо боюнча шарттарды түзүү;

- Кесиптик ишмердүүлүктөгү милдеттерди чечүү үчүн коомдук жана билим берүү уюмдары менен, балдар жамааттары жана ата-энелер менен өз ара аракеттешүүнү уюштуруу;

- Педагогикалык процесстин бардык субъектилеринин позитивдүү жана конструктивдүү инсан аралык мамилелерин уюштуруу.

**Кесиптик өнүгүү аймагында:**

- Ишмердүүлүккө кесиптик рефлексия жүргүзүү;
- Жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде өзүн өнүктүрүү боюнча милдеттерди коюу;
- Кесиптик өзү билим алууну жана инсандык өсүүнү жүзөгө ашыруу, андан аркы билим алуу жана кесиптик мансап траекториясын долбоорлоо.

**2.5. Электрондук окутууну, аралыктан (дистанттык) билим берүү технологияларын жана окутуунун түйүндүк формасын колдонуу**

**550700 – Педагогика багыты боюнча** окутуу процессин уюштурууда жана өткөрүүдө электрондук окутуу, аралыктан (дистанттык) билим берүү технологиялары, окутуунун түйүндүк формасы, EBILIM тутуму колдонулат, ошондой эле НББПнын багыты боюнча ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруучу билим берүү, илимий, маданий жана башка уюмдар (ишканалар) менен алаканы, бирге иштешүүнү камсыздоодо электрондук почта, вотсап, ZOOM платформасы, GOOGL диск, GOOGL MOOD ж.б. маалыматтык технологиялар пайдаланылат.

**2.6. 550700 – Педагогика багыты боюнча НББП боюнча билим берүү ишмердүүлүгү жүзөгө ашырылуучу тил**

**550700 – Педагогика багыты** боюнча билим берүү ишмердүүлүгү негизинен кыргыз тилинде – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинде жүргүзүлөт. Ал эми НББПнын курамындагы айрым предметтер орус тили, чет (англис тили, немец тили ж.б.) тилдерде жүргүзүлөт.

## 3. ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН 550700 – ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫ БОЮНЧА НББПНЫН ТҮЗҮМҮ

**550700 – Педагогика багыты боюнча** негизги билим берүү программасы дисциплиналардын төмөнкү түрмөктөрүн окуп-үйрөнүүнү караштырат.

Дисциплиналардын ар бир түрмөгү базалык (милдеттүү) бөлүктөн жана ЖОЖ аныктоочу вариативдүү (профилдик) бөлүктөн турат. Вариативдүү (профилдик) бөлүк базалык дисциплиналардын мазмуну менен аныкталуучу билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү, компетенцияларды кеңейтүү же тереңдетүү мүмкүнчүлүгүн берет, студентке алган профилине ылайык магистр академиялык даражасына ээ болуу үчүн ЖКББнүн кийинки деңгээлинде билим алууну улантууга, ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл билимдерди, көндүмдөрдү жана компетенттүүлүктөрдү алууга жол ачат. Вариативдүү(профилдик) бөлүк эки бөлүктөн: ЖОЖдук компоненттен жана студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналардан турат.

**3.1.1. НББП өздөштүрүү мөөнөтү**

Күндүзгү окуу формасындагы жалпы орто же кесиптик орто билим базасында 550700 **"Педагогика"** багыты боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖКББ ЖББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 4 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Күндүзгү–сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологиялары пайдаланылган учурдагы мөөнөттөрү ЖОЖ тарабынан күндүзгү окуу формасындагы өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө салыштырмалуу бир жылга узартылат.

Бакалаврларды жана магистрлерди даярдоодогу ЖКББ ЖББПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилейт.

Дисциплиналардын ар бир түрмөгү базалык (милдеттүү) бөлүктөн жана ЖОЖ аныктоочу вариативдүү (профилдик) бөлүктөн турат. Вариативдүү (профилдик) бөлүк базалык дисциплиналардын мазмуну менен аныкталуучу билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү, компетенцияларды кеңейтүү же тереңдетүү мүмкүнчүлүгүн берет, студентке алган профилине ылайык магистр академиялык даражасына ээ болуу үчүн ЖКББнүн кийинки деңгээлинде билим алууну улантууга, ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл

билимдерди, көндүмдөрдү жана компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга жол ачат. Вариативдүү (профилдик) бөлүк эки бөлүктөн: ЖОЖдук компоненттен жана студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналардан турат. Тиркеме 1 Тандоо курсу

## 4. 550700 – ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫ БОЮНЧА НББПСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАСЫНДА КАЛЫПТАНДЫРЫЛУУЧУ БАКАЛАВРИАТТЫН НББПНЫН БҮТҮРҮҮЧҮСҮНҮН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫ

### 4.1. Бүтүрүүчүлөрдө калыптандырылуучу компетенциялардын мүнөздөмөлөрү

**550700 – Педагогика багыты** боюнча бүтүрүүчүлөр калыптандырган компетенциялар билим берүүнүн күтүлүүчү натыйжасы болуп саналат. ЖККБнүн НББП өздөштүрүүнүн натыйжалары бүтүрүүчү ээ болгон компетенциялар, б.а. анын билимдерди, билгичтиктерди жана жеке сапаттарын кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык колдонуу жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. ЖКББнүн НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчү компетенцияларга ээ болууга тийиш. Программаны өздөштүрүү процессинде калыптандырылуучу бүтүрүүчүнүн компетенциялары **550700– Педагогика багыты боюнча** ЖККБнүн МББСнын негизинде педагогика жана башталгыч билим берүү профилинин НББПнын максаты менен милдеттерине ылайык аныкталат. Программаны өздөштүрүү аяктагандагы билим берүүнүн жыйынды күтүлүүчү натыйжасы катары бүтүрүүчүнүн милдеттүү компетенциялары толугу менен (ар биринин кыскача мүнөздөмөсү менен) “550700”Педагогика багыты боюнча ЖККБнүн НББПсын өздөштүрүү аяктагандагы бүтүрүүчүнүн компетенциялары билим берүүнүн жыйынды күтүлүүчү натыйжалары катары» документи формасында берилет (2-тиркеме).Бүтүрүүчүнүн компетенциялары

### 4.2. Талап кылынган компетенциялардын жана аларды түзүүчү курамдык бөлүктөрдүн НББПна ылайык келүү матрицасы

**550700 – Педагогика багыты боюнча** ЖКББнүн НББПнын окуу дисциплиналарынын (модулдарынын), окуу жана өндүрүштүк практикаларынын мазмундук-логикалык байланыштарын жана түзүмдүк матрицасын аныктаган документ иштелип чыкты. (3-тиркеме) Компетенциялардын матрицасы. Ал документ “550700 – Педагогика багыты боюнча ЖККБнүн НББПнын окуу дисциплиналарынын (модулдарынын), практикаларынын мазмундук-логикалык байланыштары” (3-тиркеме) Логикалык байланыш

## 5. 550700 – ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫ БОЮНЧА НББПсын ИШКЕ АШЫРУУДА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНИН МАЗМУНУН ЖАНА АНЫ УЮШТУРУУНУ ЖӨНДӨӨЧҮ ДОКУМЕНТТЕР

**550700 – Педагогика багыты боюнча** ЖКББнүн НББПсын ишке ашырууда билим берүү процессин уюштурууну жана анын мазмунун документтердин төмөнкү топтому жөнгө салат:

- календарлык окуу графиги;
- окуу планы;
- окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын (модулдардын) жумушчу программалары (НББПда булардын аннотациялары келтирилет).

ЖКББнүн НББПда окуу планынын базалык да, вариативдүү да бөлүктөрүнүн, студенттин тандоосу боюнча дисциплиналарды кошо, бардык окуу курстарынын, предметтеринин, дисциплиналарынын (модулдарынын) жумушчу программалары болууга тийиш. Жумушчу программаларды иштеп чыгуу төмөнкү документке ылайык жүзөгө ашырылат:

- Положение СМК ПО 3.11-2021 Об учебно-методическом комплексе учебной дисциплины образовательной программы (4-тиркеме )

**5.1. Жылдык календарлык (**5-тиркеме 5) Окуу графиги, (6-тиркеме) Окуу планы ПИМНО-22

**5.2. Окуу дисциплиналарынын (модулдардын) жумушчу программаларынын аннотациялары** 7-тиркеме Аннотация

**5.4. Окуу жана өндүрүштүк практикалардын программалары**

**5.4.1. Практикалардын программалары 8-**тиркеме
Практикалардын программалары Положение СМК ПО 2.13-2025 “О практике студентов” деген документке ылайык жүзөгө ашырылат.
**550700 – Педагогика багыты боюнча** ЖКББнүн НББПсында окуу практикаларынын төмөнкү түрлөрү караштырылган:

| Б.2. | Практика | Компетенциялар |
|---|---|---|
| Б.2.1. | Адаптациялык-педагогикалык практика («Мектеп күнү») | КК-6**.** КК-7**.** КК-10 |
| Б.2.2. | Кесиптик-базалык практика | ПК-6, ПК-9 |
| Б.2.3. | Кесиптик-профилдик практика | ПК-7, ПК-8 |
| Б.2.4. | Квалификация алдындагы  практика | ПК-1, ПК-10 |

**Б.5.0 Практикалар**

**Б.5.1 Адаптациялык-педагогикалык практика** («Мектеп күнү») Адаптациялык-педагогикалык практика «Мектеп күнү» форматында өткөрүлөт жана окуу процессинин графигине милдеттүү түрдө киргизилди, 4-семестрге 2 кредит менен өткөрүлүп, сабактардын расписаниесин түзүүдө эске алынган.   «Мектеп күнү» учурунда студенттердин негизги милдети — окуу-тарбия процессинин жалпы уюштурулушу менен таанышуу, мектептен тышкаркы жана класстан тышкаркы тарбия иштеринин өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү, ошондой эле мектепке чейинки, башталгыч жана атайын билим берүү уюмдарында тарбия иштерин жүргүзүү боюнча баштапкы практикалык көндүмдөргө ээ болуу болуп саналат.

Студенттер «Мектеп күнү» учурунда мектептеги окуу жана тарбия иштери менен таанышып, жыйындарды, рейддерди, майрамдарды, линейкаларды, тарбиялык маектерди жана маалыматтык иштерди даярдоого катышышат. Ошондой эле Студенттер менен кошумча жана жекече сабактарды өткөрүшөт, тарбиячыга, предметтик мугалимге жана класс жетекчиге жардам көрсөтүшөт.

«Мектеп күнү» практикасынын жыйынтыгы боюнча практиканттар долбоорлорду даярдап, жазуу жүзүндө отчет тапшырышат. Практиканын жыйынтыгы боюнча дифференцияланган баа коюлат. **КК-6**. **КК-7**. **КК-10**. компетенциялары калыптанат.

**Б.5.2 Кесиптик-базалык практика.**

Кесиптик-базалык педагогикалык практиканы студенттер жогорку окуу жайындагы окуудан убактылуу ажыроо менен төмөнкү базаларда өтүшөт: мектепке чейинки билим берүү уюмдарында тарбиячынын жардамчысы катары, башталгыч класстарда мугалимдин жардамчысы катары.

Бул мезгилде студенттер практикалык түрдө окуу жана тарбия иштерин уюштуруу методикасын өздөштүрүшөт, коомдук уюмдардын ишмердүүлүгүнүн мазмуну жана методдору, предметтик кабинеттин жана ийримдердин иши менен таанышышат. Ошондой эле предметтик кечелерди, окуу, тарбиялык жана класстан тышкаркы сабактарды өткөрүүнү үйрөнүшөт, өзүнчө Студенттер жана класстык (же мектепке чейинки) жамааттар менен

психологиялык-педагогикалык иш алып баруу боюнча зарыл болгон көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү калыптандырышат.

Кесиптик-базалык практика 6-семестрде 8 кредиттик жүктөм менен 8 жумалык практика өткөрүлөт. Практиканын жыйынтыгы боюнча отчет тапшыруусун жана практика жетекчисинин пикирин (мүнөздөмөсүн) камтыйт. Жыйынтыгы боюнча дифференцияланган баа коюлат.

**Б.5.3 Кесиптик-профилдик практика**

Кесиптик-профилдик педагогикалык практиканы студенттер жогорку окуу жайындагы окуудан убактылуу ажыроо менен атайын мектептерде (башталгыч класстарда), билим берүү уюмдарында үчүнчү курста өткөрүлөт. Анда студенттер башталгыч класстардын мугалимдери катары иш алпарышат. Кесиптик-профилдик практиканын мазмуну даярдоонун профилине ылайык келүүгө тийиш.

Кесиптик- профилдик практика 7-семестрде 6 кредиттик жүктөм менен 6 жумалык практика өткөрүлөт. Практиканын жыйынтыгы боюнча отчет тапшыруусун жана практика жетекчисинин пикирин (мүнөздөмөсүн) камтыйт. Жыйынтыгы боюнча дифференцияланган баа коюлат.

**Б.5.4 Квалификация алдындагы практика**

Квалификация алдындагы практика төмөнкү максаттарды көздөйт:

– студенттерди өз алдынча илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө жана бүтүрүү квалификациялык ишин аткаруу үчүн маалыматтарды жыйноого даярдоо;

– кесиптик милдеттерди чечүү үчүн топтолгон тажрыйбаны жана идеяларды колдонууга мүмкүндүк берүү;

– өз ишмердүүлүгүнүн сапаты үчүн жоопкерчилик сезимин калыптандыруу;

– педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын кесиптик ишмердүүлүктө колдонуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;

– атайын дисциплиналардан алынган теориялык билимдерди практикада колдонууга даярдыкты калыптандыруу.

Квалификация алдындагы практиканын базалары болуп илимий китепканалар, архивдер, билим берүү уюмдары жана административдик-башкаруучулук мекемелер эсептелет.

Практиканын жыйынтыгы боюнча студенттер аткарылган иштер боюнча отчет тапшырышат жана илимий жетекчинин пикирин (мүнөздөмөсүн) алышат.

**Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү**

Илимий-изилдөө долбоорунун программасын иштеп чыгууда жогорку окуу жай студенттерге төмөнкү мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга тийиш:

• тиешелүү билим берүү багыты боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк илимдин жетишкендиктерин, илимий-педагогикалык жана атайын адабияттарды изилдөө;

• илимий изилдөөлөргө же долбоордук иштерди аткарууга катышуу;

• берилген тема боюнча илимий-педагогикалык маалыматтарды жыйноо, иштетүү, талдоо жана системалаштыруу;г

• тема же анын бөлүктөрү боюнча отчетторду түзүү;

• конференцияларда баяндама жасоо.

Педагогикалык практиканын курамдык бөлүгү катары студенттердин илимий-изилдөө иши каралышы мүмкүн. Бул учурда жогорку окуу жай студенттерге жогоруда көрсөтүлгөн ишмердүүлүктөрдү тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

**Илимий-изилдөөчүлүк иштин программасы**

**550700 – Педагогика багыты боюнча** ЖКББнүн НББПсында окуу мөөнөтү аяктай турган жылы квалификациялык бүтүрүү ишин жазуу каралган. Педагогика багытынын бакалаврынын **квалификациялык бүтүрүү иши** жана аны окутуу үчүн актуалдуу конкреттүү милдет чечилүүчү бүткөн өз алдынча окуу-изилдөөчүлүк иш болуп саналат да, 2.3- жана 2.4-пункттарда берилген анын кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү менен милдеттерине ылайык келүүгө тийиш. КБИнин көлөмү 14-арип менен терилген 50-60 барак тексттен туруусу кажет.

Ар кандай типтеги иш титулдук барактан, теманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, негизги булактар менен илимий адабияттардын мүнөздөмөсү, КБИнде колдонулган методикалардын жана материалдын аныктамасы көрсөтүлгөн киришүүдөн; иштин негизги бөлүгүнөн (ал баптарга жана параграфтарга бөлүнөт), тыянактарды камтыган жана иштин андан аркы келечегин аныктаган корутундудан, библиографиялык тизмеден турат. КБИ тариздөө кабыл алынган талаптарга ылайык келүүсү керек.

Бакалаврдын квалификациялык бүтүрүү иши бүтүрүүчүнүн кесиптик даярдык деңгээлин аныктайт. Педагог-бакалаврдын кесиптик ишмердүүлүк аймагы гуманитардык билим, ишкер жана маданият аралык коммуникация, билим берүү, маданият жана башкаруу чөйрөсүндөгү изилдөөчүлүк жана практикалык ишмердүүлүк болгондуктан, КБИ даярдоо процессинде студент КБИнин сунушталган типтеринин бирине багыт алса болот:

- **өз алдынча илимий изилдөө**, ал тандалган тема боюнча илимий булактарды, фактылык тилдик-адабияттык-тексттик материалды талдоону жана тутумдаштырууну, аргументтүү жалпылоолор менен тыянактарды камтыйт. КБИнде бүтүрүүчүнүн изилдөөнүн негизги филологиялык усулдарын билүүсү жана колдоно алуусу, кептин илимий стилине ээ болуусу корунүүгө тийиш. Мындай иш өз профили боюнча магистратурада илимий изилдөөнү улантууга билдирме болуп саналат;

- **колдонмо (прикладдык) мүнөздөгү иш**: Фактылык материал топтоо-квалификациялык ишти даярдоонун кыйла жоопкерчиликтүү этаптарынын бири. Студент илимий жетекчи менен илимий –изилдөөчүлүк практиканын учурунда аны топтоонун атайын планын түзөт. Студент практика учурунда статистикалык материал топтоого , нускамаларды, усулдук көрсөтмөлөрдү жасоого жана үйрөнүүгө тийиш.

Квалификациялык бүтүрүү иши Мамлекеттик аттестациялык комиссияда корголот. КБИнин (бакалаврдык иштин) мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө талаптарды ЖОЖ КР Өкмөтү 2012-жылдын 29-майындагы № 346 Токтому менен бекитилген Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация жөнүндөгү жобонун негизинде аныктайт.

## 6. 550700 – ПЕДАГОГИКА БАГЫТЫНЫН БОЮНЧА НББПНЫН ФАКТЫЛЫК РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООСУ

### 6.1. Кадрлык камсыздоо

**550700 – Педагогика багытынын боюнча** бакалавриаттын НББПсын ишке ашыруу окутулуучу дисциплинанын профилине туура келүүчү базалык жогорку билимге, окумуштуулук даражага же тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү ишмердүүлүк тажрыйбасына ээ жана илимий же илимий-усулдук ишмердүүлүктүн үстүнөн тутумдуу иш жүргүзгөн илимий-педагогикалык кадрлар менен камсыздалууга тийиш.

Кесиптик түрмөктүн окутуучулары, эреже катары, магистр, илимдин кандидаты, доктору окумуштуулук даражасына же тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү ишмердүүлүк тажрыйбасына ээ болуусу кажет.

Ушул НББП боюнча билим берүү процессин камсыздаган окутуучулардын жалпы санында, илимдин кандидаты же доктору даражасына ээ болгон окутуучулардын үлүшү 35%дан кем болбоосу абзел**.** Ал эми педагогика кафедрасынын сапаттык курамы 70%ды түзөт. Окумуштуулук даражага жана/же окумуштуулук наамга ээ болгон окутуучулардын жалпы санынын 15%га чейинкиси ушул багыт боюнча жетекчилердин же жетектөөчү адистердин кызматында 10 жылдан ашуун практикалык иш стажына ээ болгон окутуучулар менен алмаштырыла алат.

**550700 – Педагогика багыты боюнча** бакалавриаттын НББПсын ишке ашыруу процессине "Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары" кафедрасынан составы. Окумуштуулар 70 % түзөт 9-тиркеме Окутуучулардын сапаттык курамы

### 6.2. Окуу-усулдук, маалыматтык камсыздоо

**550700 – Педагогика багыты боюнча** НББП бардык окуу дисциплиналары (модулдары) боюнча окуу-усулдук документация жана материалдар менен камсыздалган.
Негизги билим берүү программасы негизги билим берүү программасынын бардык окуу дисциплиналары боюнча окуу-методикалык документтер жана окуу-методикалык комплекстер менен камсыздалат. Ар бир окуу дисциплинасынын (курстун) окуу-методикалык комплекстери түзүлгөн.

Негизги билим берүү программасын ишке ашыруу ар бир студенттин негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеси боюнча түзүлгөн маалымат базаларына жана китепкана фонддоруна жеткиликтүүлүгү менен камсыздалат.

Өз алдынча даярдануу учурунда студенттер Интернетке жеткиликтүүлүк менен камсыз кылынат. Негизги билим берүү программасы боюнча ар бир студент кеминде бир окуу жана бир окуу-методикалык басма жана/же электрондук басылма менен билим берүү программасына кирген кесиптик циклдин ар бир дисциплинасы боюнча камсыздалат. Китепкана фонду бардык циклдердин базалык бөлүгүнүн дисциплиналары боюнча негизги окуу адабияттарынын басма жана/же электрондук басылмалары менен толукталат, алар акыркы 10 жылда (гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдин базалык бөлүгүнүн дисциплиналары үчүн – акыркы 5 жылда) басылып чыккан. Кошумча адабияттар фонду окуу адабияттарынан тышкары расмий, маалыматтык-библиографиялык жана адистештирилген мезгилдүү басылмаларды (С.Нааматов атындагы НМУнун жарчысы, УИАнын кабарлары, ЖОЖдордун кабарлары, рефеamtивдик журналдар) камтыйт.

Университетте электрондук китепкана 2015-жылдан бери иштейт.
Электрондук китепкананын сайты; https:// Электрондук китепкананын электрондук ресурстары:
• улуттук электрондук ресурстар: КРАД (oel.bik.org.kg);
• КИРЛИБНЕТ (arch.kyrlibnet.kg);
• АЛТЫН ФОНД (www.rarebooks.net.kg);
• республиканын масштабында «Улуттук электрондук китепкана» (www.neb.kg); Электрондук китепкананын сайты;

### 6.3. Материалдык-техникалык камсыздоо

**550700 – Педагогика багыты боюнча** НББПсын ишке ашыруу үчүн университет тиешелүү шарттарга ээ. Университеттин материалдык-техникалык базасы ЖКББ тутумундагы лицензиялык жана башка талаптарга толук жооп берет. Педагогика факультетинин окуу корпусунда бардыгы 500 орунга эсептелген 12 аудитория бар. Мындан тышкары адистештирилген компьютердик класс иштейт. Факультетте дарстарды жана практикалык сабактарды өтүү үчүн интерактивдүү доска бар окутуунун техникалык каражаттары жана мультимедиалык аппаратура активдүү колдонулат.

## 7. ЖОЖДУН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЖАЛПЫ МАДАНИЙ ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ИНСАНДЫК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ ЧӨЙРӨСҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде бүтүрүүчүлөрдүн жалпы маданий компетенцияларын калыптандырууда компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруу окуу жана окуудан тышкаркы ишти айкалыштыруу менен камсыздалат. Университет ЖОЖдун социомаданий чөйрөсүн, инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзөт. Университеттин администрациясынын тийиштүү бөлүмдөрү бүтүрүүчү кафедралардын жетекчилеринин активдүү колдоосу менен окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берет, ал студенттик өзүн-өзү башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук, чыгармачыл жана илимий ийримдердин ишине катышуусун камсыздоону ичине алат.

Жалпы университеттин жана педагогика факультетинин тарбиялык чөйрөсү натыйжалуу кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл инсандык сапаттарды түптөөгө; адептик

сапаттарды, интеллигенттикке тарбиялоого; маданияттын жалпы адамзаттык дөөлөттөрүнө жана бийик гуманисттик идеалдарына багыт алууну өнүктүрүүгө; студенттик өзүн-өзү башкаруунун ар кандай формаларында жамаатты башкаруу билгичтиктери менен көндүмдөрүн сиңирүүгө; университеттин тарыхый-маданий салттарын сактоого жана байытууга; уланмалуулукту, университеттик тилектештик сезимин калыптандырууга; студенттерде мекенчилдик, жарандык сезимдерди түптөөгө; дене абалын, саламаттыгын чыңдоого жана өркүндөтүүгө; жашоонун сергек мүнөзүнө умтулууга тарбиялоого багытталган иш-чаралардан куралат.

Тарбиялык чөйрө үч түзүүчүнү камтыйт: кесиптик-эмгектик, жарандык-укуктук, маданий-адептик. Университетте тарбия иши атайын уюштуруучулук-тарбиялык иштердин мерчемине ылайык жүргүзүлөт, анда студенттер менен жүргүзүлүүчү тарбиялык иштин максаты, стратегиясы, багыты жана формалары көрсөтүлгөн. Тарбия ишинде студенттерди келечектеги кесиптик жана коомдук ишмердүүлүккө даярдоо максатында алардын инсанын руханий, адептик жана денелик өнүктүрүүгө тутумдуу жана максаттуу таасир этүү башкы орунга коюлат. Университеттин жалпы уюштуруучулук-тарбиялык иштеринин мерчеминин негизинде факультеттер, кафедралар окуу жылына тарбия мерчемдерин түзүшөт. Аларга жарандык-мекенчилдик, руханий-адептик тарбия, илимий-изилдөөчүлүк, кесипке багыттоочулук иштер, университеттин салттарын түптөө боюнча иштер, маданий-массалык жана чыгармачылык ишмердүүлүк, спорттук-дене тарбиялык иштер, студенттерди окуудагы жана окуудан тышкаркы иштердеги жетишкендиктери үчүн сыйлоо иш-чаралары киргизилет.

Факультеттин деканы факультеттеги окуу жана тарбиялык иштерге түздөн-түз жетекчилик кылат, кураторлордун ишин көзөмөлдөйт. Күндүзгү окуу бөлүмүндөгү бардык окуу тайпаларына кафедранын окутуучуларынан кураторлор бекитилген. Кураторлор куратор жөнүндө жобонун негизинде иштешет, студенттердин жалпы жүрүм-турум жана ички тартип эрежелерин, окуу тартибин сактоосун көзөмөлдөшөт, тайпалардын студенттеринин чогулуштарын, ата-энелер чогулуштарын, моралдык-адептик, жарандык-мекенчилдик, эстетикалык багыттагы иш-чараларды өткөрүшөт, окуу тайпасындагы микроклиматка жооп беришет.

**Башталгыч билим берүү профили боюнча** билим алып жаткан тайпаларга кураторлордун бекитилиши төмөнкүдөй:

1. ПиМНО-25-тайпасына – окутуучу Сейдакматова Г.К
1. ПиМНО-24-тайпасына –п.и.к., доцент Касымова Г.А;
2. ПиМНО-23 тайпасына – окутуучу Сейдакматова Г.К;
3. ПиМНО-22-тайпасына – п.и.к., доцент Бектурова Э.О;

Студенттик иш-чараларды өткөрүү маданий-массалык жана чыгармачылык ишмердүүлүктү өнүктүрүү максатын көздөйт. Бул жаатта ар кыл студенттик ийримдер, клубдар, тил үйрөтүү курстары иш жүргүзүп, студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн ачууга жана өркүндөтүүгө, аларды маданий-массалык иштерге тартууга, бош убактысын пайдалуу өткөрүүгө көмөктөшөт.

## 8. 550700 –ПЕДАГОГИКА ДАЯРДОО БАГЫТЫНЫН ПЕДАГОГИКА ЖАНА БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ ДАЯРДОО ПРОФИЛИ БОЮНЧА БАКАЛАВРИАТТЫН НББПсын СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗДӨШТҮРҮҮ САПАТЫН БААЛОО ТУТУМУН ЧЕНЕМДИК-УСУЛДУК КАМСЫЗДОО

**550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профили ЖКББ МББСна** ылайык, студенттердин негизги билим берүү программасын өздөштүрүү сапатын баалоо жетишүүнү күндөлүк текшерүүнү, студенттердин арадагы жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясын камтыйт. ЖКББнүн НББП боюнча студенттердин жетишүүсүн жана арадагы аттестациясын ченемдик-укуктук камсыздоо НМУнун ченемдик документтерине ылайык жүзөгө ашырылат. Баалоочу каражаттарды иштеп чыгууда СМК ПО 4.02–2025 Положение о базе оценочных средств для проведения текущего

контроля успеваемости и промежуточной аттестации студентов (10-тиркеме) деген документ жетекчиликке алынат.

### 8.1. Учурдагы жетишкендиктерди контролдоо жана аралык аттестация өткөрүү үчүн баалоо каражаттарынын фонддору.

**550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профили ЖКББ МББСнын** талаптарына ылайык, студенттердин жекече жетишкендиктеринин ЖКББнүн МББСнын этаптуу талаптарына шайкеш келерин аттестациялоо үчүн кафедрада өтүлүүчү ар бир дисциплина боюнча жетишүүнү күндөлүк текшерүүнү жана арадагы аттсетацияны өткөрүү үчүн баалоочу каражаттардын базасы түзүлөт. Ал базага дисциплиналар боюнча практикалык сабактар, зачеттор жана экзамендер үчүн текшерүүчү суроолор жана типтүү тапшырмалар; тесттер; курстук иштердин, студенттин өз алдынча иштеринин, рефераттардын ж.б. болжолдуу тематикасы; ошондой эле студенттердин компетенцияларынын калыптангандык даражасын баалоого жол берүүчү текшерүүнүн башка формалары кирет.

**550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профилинин НББПсын** ишке ашырууну коштоочу баалоочу каражаттар компетенциялардын калыптануу сапатын текшерүү үчүн иштелип чыгат да, баалоонун гана эмес, окутуунун дагы жарамдуу каражаты болуп беришет.

### 8.2. 550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профили боюнча бакалавриаттын НББПсын бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы

**550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профили боюнча бакалавриаттын** бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация милдеттүү болуп саналат да, негизги билим берүү программасын толук көлөмдө өздөштүрүүдөн соң жүзөгө ашырылат. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация мамлекеттик экзаменди же квалификациялык бүтүрүү ишин коргоону ичине камтыйт.

**550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профили боюнча** бүтүрүүчү кафедра ЖКББнүн НББПнын алкагында жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндө ченемдик документтердин негизинде мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программасын иштеп чыгат. Программа квалификациялык бүтүрүү иштеринин мазмунуна, түзүмүнө жана көлөмүнө карата талаптарды, ошондой эле мамлекеттик экзаменди өткөрүүнүн мазмунуна жана жол-жобосуна карата талаптарды, квалификациялык бүтүрүү иштеринин тематикасын жана аларды аткаруу боюнча усулдук сунуштарды аныктайт.

ЖМАны өткөрүүнүн уюштуруучулук-усулдук маселелери «СМК ПО 2.13.-2025 Нарын мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө» деген ченемдик документ менен аныкталат.

## 9. 550700 – ПЕДАГОГИКА ДАЯРДОО БАГЫТЫНЫН ПЕДАГОГИКА ЖАНА БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ ДАЯРДОО ПРОФИЛИ БОЮНЧА СТУДЕНТТЕРДИ ДАЯРДООНУН САПАТЫН КАМСЫЗДООЧУ БАШКА ЧЕНЕМДИК-УСУЛДУК ДОКУМЕНТТЕР ЖАНА МАТЕРИАЛДАР

Бул бөлүмдө ЖКББнүн НББПнын мурдагы бөлүмдөрүндө берилбеген документтер менен материалдар берилет. Мисалы, ушул ЖККБнүн НББПсын ишке ашырууда университетте түзүлгөн даярдоонун сапатын камсыздоо тутумунун кызмат өтөө механизмдеринин сыпатталышы, анын ичинде:

- негизги билим берүү программасына байкоо жүргүзүүнүн жана мезгили менен

рецензиялоо;

● окутуучулук курамдын компетенттүүлүгүн камсыздоо;

● ишмердүүлүктү баалоо үчүн макулдашылган чен-өлчөмдөр боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүү; протокол

● ЖКББнүн НББПсын ишке ашыруунун сапатын тышкы баалоо тутуму, иш берүүчүлөрдүн, ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн жана билим берүү процессинин башка субъектилеринин пикирлерин эске алуу жана талдоо; иш берүүчүлөрдүн пикири

● студенттердин жетишкендиктерин баалоонун упайлык-рейтингдик тутуму жөнүндө жобо;

● чет элдик өнөктөштөр менен бирге негизги билим берүү программаларын жана студенттер менен окутуучулардын мобилдүүлүгүн ишке ашыруунун тартиби жөнүндө макулдашуулар ж.б.у.с.

## 10. 550700 – ПЕДАГОГИКА ДАЯРДОО БАГЫТЫНЫН ПЕДАГОГИКА ЖАНА БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ ДАЯРДОО ПРОФИЛИ БОЮНЧА ЖАЛПЫ ЖКББ НББПСЫН ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮ ДОКУМЕНТТЕРДИ МЕЗГИЛИ МЕНЕН ЖАҢЫЛООНУ УЮШТУРУУ БОЮНЧА РЕГЛАМЕНТ

**550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профили боюнча жалпы ЖКББ НББП** жалпысынан 2 же 3 жылда бир жолу учурдун талапкатына ылайык НМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен жаңыланат. Жаңылоо илимдин, техниканын, маданияттын, экономиканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен ЖКББнүн НББПсын актуалдаштыруу жана окуу планын өркүндөтүү максатында жасалат. ЖКББнүн НББПсын жаңылоонун тартиби, формасы жана шарты НМУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталат.

Иштелип чыккан ЖКББнүн НББПсын каттоо окуу башкармалыгы тарабынан датасы жана ыйгарылган идентификациялык номери катталуу менен жүргүзүлөт.

ЖКББнүн НББП окуу планында аныкталган дисциплиналардын (модулдардын) курамы жана (же) окуу курстарынын, предметтердин, дисциплиналардын (модулдардын), окуу жана өндүрүштүк практикалардын программаларынын, тиешелүү билим берүү технологиясын илимдин, техниканын, маданияттын, экономиканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен ишке ашырууну камсыздоочу усулдук материалдардын мазмуну жаатында жыл сайын жаңыланат. НББПнын мазмунуна өзгөртүүлөр киргизүүдө жаңы документ версиянын кезектеги индексин ыйгаруу менен каттоодон өтөт (В1 – баштапкы документ, ал эми андан ары В2, В3, В4 ж.б.у.с.). Дисциплиналардын жана практикалардын бардык программалары ушуга эле окшош катталат.

Факультеттин деканы кафедралар менен чогуу дисциплиналардын (моддулдардын), практикалардын жумушчу программаларын оптимизациялоо боюнча түзөтүүчү иш-чараларды өз убагында уюштурат жана өткөрөт. Жумушчу программаларга өзгөртүүлөр кафедранын чечими боюнча киргизилет да, окуу иштери боюнча проректор тарабынан бекитилет.

Дисциплиналардын (модулдардын), практикалардын бекитилген жумушчу программаларынын түп нускалары иштелип чыккан жана ишке ашырыла турган кафедрада сакталат (көчүрмөсү – программа ишке ашырылуучу деканатта). Дисциплиналардын (модулдардын), практикалардын жумушчу программаларынын көчүрмөлөрүн факультет НМУнун сайтына жайгаштырат. Кафедра дисциплиналардын (модулдардын), практикалардын иштелип чыккан жана ишке ашырыла турган жумушчу программаларынын реестрин жүргүзөт. Реестр кафедра башчысы тарабынан бекитилет да, кафедрада сакталат.

**550700 –Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профили боюнча ЖКББнүн НББПнын** документациясынын тексттик бөлүгү СМК СТУ 3.07-2025 «Управление документами” деген документтин 4.4-бөлүмүнүн талаптарына ылайык тариздəлет. Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын

долбоорлоо жана иштеп чыгуу НМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечимдери, ректордун жана окуу иштери боюнча проректордун тескөөчү документтери менен аныкталган мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат. ЖКББнүн НББПнын документациясынын толук комплекти (кагазга чыгарылган жана электрондук түрдөгү) мазмунуна ылайык (3-тиркеме) бүтүрүүчү кафедрада сакталат да, жумушчу абалда кармалат. ЖКББнүн НББПнын документациясынын электрондук сыпатталышы окуу процессин ченемдик камсыздоо бөлүмүндө (ОПЧКБ) сакталат да, аныкталган тартипке ылайык университеттин сайтына жайгаштырылат.

НББПнын сыпатталышынын форматы СМК МИ 2.01- 2025 Методическая инструкция “Проектирование и разработка образовательных программ (ОП)” деген документке шайкеш келет да, негизги түзүм түзүүчү документтерди, ошондой эле багыттын (адистиктин) НББПнын билим берүү процессин жөндөөчү калган иштелип чыккан жана жаңылануучу документтери жайгаштырылуучу тиешелүү томуна шилтемелерди камтыйт.

Дисциплиналардын (модулдардын), практикалардын мазмуну жана сапаты үчүн жоопкерчилик кафедра башчыга жана факультеттин деканына жүктөлөт. Кайра бекиткенден же жаңы жумушчу программаны бекиткенден кийин мурдагы программа күчүн жоготту деп эсептелет. **550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профили боюнча** ЖКББнүн НББПна кирүүчү документтердин комплектин иштеп чыгуу, түзүү жана сактоо үчүн педагогика жана окутуунун технологиялары кафедрасы жооптуу болуп саналат. **550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профили боюнча ЖКББнүн НББП** НМУнун ректору тарабынан бекитилет.

## 11. 550700 – ПЕДАГОГИКА ДАЯРДОО БАГЫТЫНЫН ПЕДАГОГИКА ЖАНА БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ ДАЯРДОО ПРОФИЛИ БОЮНЧА НББПСЫН ИШТЕП ЧЫГУУЧУЛАРДЫН ЖАНА ЭКСПЕРТТЕРДИН ТИЗМЕСИ

**550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профили боюнча НББПсын иштеп чыгуучу (лар):**

1. Бектурова Эмилия Орозобековна – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент;
2. Асанкулова Мазира Көчөровна – педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу
3. Сейдакматова Гульназ Калыбековна – педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын методисти;

**550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү даярдоо профили боюнча НББПсынын эксперттери:**

**Комиссиянын төрайымы:**

1. Эсеналиева Гүлжамал Омуракуновна - Педагогика факультетинин деканы, профессордун м.а.

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

1. Каттообек кызы Чынара - №8 Арстанбек Буйлаш уулу атындагы орто мектебинин башталгыч класстарынын мугалими;
2. Басылбекова Сюита Сагынбековна - Нарын шаарынын № 16 “Ыйман” бала бакчасынын методисти;
3. Шерматова Илмира Кубанычбековна- педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу;
4. Бакытбек кызы Айбарчын - педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын студенти.

**550700 – Педагогика даярдоо багыты даярдоо багыты боюнча педагогика факультетинин кеңешинин усулдук комиссиясынын төрайымы**

Тарых илимдеринин кандидаты, Эсеналиева Гулжамал
профессордун м.а. Омуракуновна

Педагогика,тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын 20___-жылдын «___» ___________________ отурумунда № ___ проктол менен **ЖАКТЫРЫЛГАН.**

Педагогика,тарых жана окутуунун технологиялары
кафедрасынын башчысы, п.и.к., доцент_____________________Бектурова Э.О
*(колу)*

550700 – Педагогика даярдоо багытынын педагогика жана башталгыч билим берүү профилинин НББПсын ишке ашырууга катышуучу кафедралардын башчылары менен **МАКУЛДАШЫЛГАН.**

Кыргыз,орус тилдери Арыпбекова Дария
кафедрасынын башчысы ____________________ Женишбековна
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (колу)

2. Чет тилдер кафедрасынын башчысы, Эгимбаева Жаңыл
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент _______________ Болоткановна
(колу)

3. ФМББ кафедрасынын башчысы, Биймурсаева Бурулбүбү
педагогика илимдеринин кандидаты, _______________ Молдосалиевна
профессор (колу)

5. МТ кафедрасынын башчысы, Бейшеналиева Улкан
педагогика илимдеринин кандидаты _______________ Үсөнбековна
(колу)

. ТИББ кафедрасынын башчысы, Ибраева Назгүл
биология илимдеринин кандидаты, доцент _______________ Илиязовна
(колу)

7. АТД кафедрасынын башчысы, Айтиева Зейнеп
окутуучу _________________ Алтынчиевна